КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“28” июль 2026-жылдагы №37 Панфилов айылы

Курама айыл аймагына караштуу Панфилов айылындагы Контур №727 жер тилкесин мал союучу жайды (убойный цехти) куруу жана эксплуатациялоо үчүн ижарага берүү максатында ачык аукционго коюуга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34, 39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 18-июлундагы №149 “Кыргыз Республикасынын Жер кодекси” Мыйзамынын 21 жана 28-беренелерине ылайык, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Курама айыл аймагына караштуу Панфилов айылындагы Контур №727, жалпы аянты 1,0 га түзгөн жер тилкесин мал союучу жайды (убойный цех) куруу жана эксплуатациялоо максатында ижарага берүү үчүн тиешелүү уруксат берүүчү жана зарыл документтер болгон учурда ачык аукционго коюуга макулдук берилсин.
2. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.
3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясына жүктөлсүн.

Төраганын орун басары **Д.М.Манамкулов**